

# СУЛТАН ИБРАИМОВ





Кыргыз элинин келечеги үчүн курман болгон залкар инсандарыбыздын элесин элибиз эч качан унутпайт.

**А. Акаев**
**Кыргыз республикасынын президенти**

*(Чоң-Таш айылындагы "Ата-Бейит" көрүстөнүндө сүйлөгөн сөзүнөн).*

Таланттуу жетекчи, мамлекеттик көрүнүктүү ишмер, залкар инсан Султан Ибраимовдун өмүр жолу келечек муундар үчүн өрнөк экендиги талашсыз.

**А. Жумагулов**
**Кыргыз республикасынын премьер-министри**

*(С. Ибраимов атындагы республикалык фонддун ачылыш салтанатында сүйлөгөн сөзүнөн).*



СУЛТАН ИБРАИМОВ АТЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ФОНД

# Султан Ибраимов

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ
АТЫНДАГЫ
ОШ ОБЛУСТУК КИТЕПКАНА

Бишкек-97

**Редколлегия:**

М.К. Джангарачева
К.И. Исаков
Т. Урмамбетов

## СӨЗ БАШЫ

Нечен кылымдарды карыткан карт тарыхтын барактарын ачсак, кыргыз эл болгону бирде уюткулуу журттун кадыр-баркы артып, төгөрөктүн төрт бурчуна дейре даназаланып, бирде төгүлүп чачылып, кыйла азап-тозокту баштарынан өткөргөндүгү даана байкалат. Ошондо уюткулуу журттун маңызын, түпкү максатын каар заман учурунда сактап, аны дагы бекемдеп, элди ойдон тоого, тоодон ойго ала качып кармап калган, келечек үчүн бүт өмүрүн канжыгага байлап коюп иш кылган залкар инсандарыбыздын элесин кыргыз эл журту унутмак турсун, муундан муунга, укумдан тукумга узун кеп катары айтып келгендиги анык. Айтылуу бабабыз Манастан тарта, андан берки Адигине, Тагай, Орозбакты, кечээки эле Садыр аке, Кыдыр аке, Тилекмат аке, Курманжан датка, Шабдан, Байтик, Байзак сыяктуу эл башы, журт башы, иш билгилер кыргыз журтчулугунун уюткусун дагы бекемдеп, чыңдап, жасап-түзөп келишкендиги ырас. "Эр жигит эл четинде, жоо бетинде" деген макал бекеринен чыккан эместир. Кыйын кезеңдерде, элибиздин башына каран күн түшүп турган учурда туңгуюктан жол таап, катылгандын катыгын берип, үзүлгөндү улап, жыгылганды тургузуп, элдин элдүүлүгүн кармап келгендер дал ошолор. "Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" дегендей, кийинки тынчтык мезгилинде жогорку макалдын маани-мазмуну өзгөрүп, тигил ата-бабабыздан бери келе жаткан көчмөндүүлүк көрүнүштөн отурукташып, биргелешип жер иштетип, өнөр жайын куруп, жапырт сабаттуулукка аттанган учурда да кыргыздын улуу инсандары: Жусуп Абдракманов, Баялы Исакеев, Абдыкадыр Орозбеков, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматовдор бүгүнкү күндүн пайдубалынын алгачкы таштарын коюшса, Исхак Раз-

заков, Төрөбай Кулатов, Болот Мамбетов, Турдакун Усубалиев, Акматбек Сүйүмбаев өңдүү ондогон инсандарыбыз ошол пайдубалды дагы бийиктетип, көркүнө чыгарып коюшкандыгы талашсыз. Алардын бири-өмүрүнүн гүлдөп турган учурунда шейит кеткен, мамлекеттик көрүнүктүү ишмер, талантуу жетекчи жана уюштуруучу, залкар инсан Султан Ибраимов.

## Кыскача таржымалы

*С. Ибраимов 1927-жылдын 20-сентябрында Чүй областынын Алчалуу айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.*

*1943-жылы 8-классты бүтөрү менен Ленин атындагы колхоздо колхозчу, 1944-46-жылдары Дөң-Арык МТСинде тракторист болуп иштеген.*

*1946-49-жылдары Фрунзедеги гидромелиоративдик техникумда окуйт. Аны бүткөндөн кийин Чүй сугат тармагы башкармасында участкалык гидротехник болуп иштеген.*

*1952-55-жылдары Ташкенттеги ирригация инженерлери жана айыл чарбасын механизациялаштыруу институтунда окуйт.*

*1955-57-жылдары Кыргыз ССР ИАсынын суу чарбасы жана энергетика институтунун кенже илимий кызматкери. 1957-59-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин илим, жогорку окуу жайлар жана мектеп бөлүмүнүн инструктору. 1959-61-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Аламүдүн райкомунун экинчи секретары. 1961-66-жылдары Кыргыз ССР мелиорация жана суу чарба министри. 1966-68-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы. 1968-78-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун биринчи катчысы.*

*1978-жылдын август айынан ноябрь айына чейин Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Төрагасы. 1978-жылдын декабрь айынан 1980-жылдын декабрь айына чейин Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели.*

*1980-жылдын 4-декабрында каргашалуу оор окуядан соң каза болот.*

*Султан Ибраимов СССР Жогорку Советинин VIII-X чакырылыштарынын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин IX чакырылышынын депутаты, КПССтин XXIV съездинин делегаты, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү болгон.*

*Эки Ленин, Октябрь революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери жана СССРдин медалдары менен сыйланган.*

Улуу инсандын басып өткөн өмүр жолу, элге кылган кызматы күнү бүгүнкүгө дейре көз алдыбызда даана турса да аны тизмектештирип, дал ошол улуу инсандын деңгээлинде кеп кылуу алда канча оор да, нары жоопту да иш окшобойбу. Жашырганда не, жакшы адам жөнүндө жакшы сөз айтуу башынан эле татаал нерсе. Эр ортону элүүгө келип, акылы да, билими да, куч-кубаты да толуп, элге керек не бир жакшы нерселерди биринен сала бирин жарата турган 53 жаш курагында кайдагы бир канкордун колунан каза таап, тигил дүйнөнү көздөй жөнөй берди. Андан бери туура 13 жыл өтүптүр. Мына ошол мезгилдин ичинде, айрыкча 1980-жылдан 1990-жылдардын аралыгында маркум Султан Ибраимов тууралуу өкмөттүк деңгээлде, жада калса басма сөз беттеринде да кеп кылынган жок. Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетип, өз тагдырын өзү чече турган учурга келгенде гана бул маселеге кайрылып, улуу инсан Султан Ибраимовдун ысмы эл арасына кайрадан тарай баштады. Бул жакшы жышаан, жакшы белги деңизчи. Ийгиликтин эрте кечи жок дегендей, улуу инсандарды эскерүү, анын өрнөгүндө кийинки муундарды тарбиялоо сыяктуу журт арасындагы кыймылдын учу үзүлбөсө экен, анын маани-мазмууну муундан муунга өтсө экен деген гана тилек. Ошондо гана биз Султан Ибраимовго окшогон залкар адамдарыбыздын басып өткөн жолун изилдеп, экономикалык, социалдык, агрардык, тарыхый багыттагы илимий да, көркөм да эмгектерди жаратарыбызда шек жок. Алар, анын ичинде Султан Ибраимов - мына ошондой баага, мамилеге татыктуу адам.

Султан Ибраимов ата-энесинин кудайдан зарлап жүрүп, тилеп алган баласы. Анын балалыгы отузунчу жылдардагы колхоздоштуруу, элди сабаттуулукка үйрөтүү сыяктуу зор өзгөрүштөргө туура келди. Ким билет, табият тартуулаган сергектиги, баамчылдыгыбы, айтор жаңы замандын илебин туура түшүнүп, бала болсо да ошол жаңы замандын шарданына аралаша чоңойду, эс тартты.

Балалык мезгили тууралуу так маалыматтар кагаз жүзүндө калбаптыр. Кийин элге аралашып, өкмөт башчысы болгон мезгилдеринде да өзүнүн балалыгы жөнүндө эскербептир. Алп акын Аалы Токомбаев айткандай, "Эл эмгектен эскерсин" - деген окшобойбу. Аны көрүп-билген, чогуу өскөн айрым жердештеринин айтуусуна караганда Султан Ибраимов бала кезинде эле тири карак, зээндүү, сергек, боорукер болгон. Комуз да чертүүчү экен. Мектепте алдыңкы окуучу гана эмес, активист катары бир кыйла коомдук иштерди да уюштуруп, керек учурунда өздүк-көркөм чыгармачылык кружогуна да катышыптыр.

Аңгыча согуш башталат. Батыштан гитлердик баскынчылар тынч жаткан элге кол салып, жаш-кары дебей жоого аттанат. Айылда кары-картаң жана Султанга

окшогон балдар гана калат. Ошондогу жалпы эле кыйынчылык, ач-жыланач болгон наристелердин ыйы, жетип-жетпеген көр оокат, бири-бирин бучкактаган бөбөктөр, алардын кара курсагын тойгуза албаган эненин абалы жаш Султандын көкүрөгүнө кыт куйгандай уюп, анын эрте жетилишине, эрте бой тартышына өбөлгө болгондугу шексиз. Ошондон улам болсо керек, 1943-жылы 8-классты бүтөөрү менен окууну таштап, жоо бетинде жүргөн ата-агаларынын ордуна талаага чыгып, эгин эгип, чөп чаап, элдин жеңилин жерден, оорун колдон алып, эл камын ойлой баштаганы чын. Бирде күндүзү суу сугарып же чөп жыйнаса, түнкүсүн эс алуунун ордуна кызыл кырманда болуп дегендей... Ал турмак каз таман тракторду да үйрөнүп, жазында жер айдап, жайкысын тоют топтоп, күзгүсүн комбайн сүйрөп, кышкысын ошол эле каз таман тулпары менен малчыларга чөп жеткирип жүргөндүгүн Дөң-Арык менен Алчалуу аймагында жашашкан кары-картаңдар күнү бүгүнкүгө дейре жомоктотуп айтышат. Кантсе да отузунчу жана кыркынчы жылдардагы кыйын кезең, элдин жашоосу, экономиканын абалы Султан Ибраимовдун жаш жүрөгүнө тынчтык бербей, андан чыгуунун, элдин турмушун жакшыртуунун жолун издөөгө түрткү болуп, ошол ойкыял кийин анын эл жүгүн аркалаган залкар инсан болушуна бирден бир себеп болгондугу айдан ачык. Анын жөнөкөйлүгү, боорукерлиги, адамдарга мамиле жасоонун не бир татаал сырлары, баамчылдыгы, көрөгөчтүгү, кыраакылыгы мына ошол жылдарда калыптана баштагандыгы ырас.

Согуш аяктагандан кийин билимин андан ары улантат. Алгач борбор шаарыбыздагы гидромелиоративдик техникумда окуп, жогорку билимге Ташкент шаарындагы ирригация инженерлери жана айыл чарбасын механизациялаштыруу институтунан ээ болот.

Жогорку билимге ээ болгондон кийинки калыптануу мезгили илимдер академиясында, кийин Борбордук Комитетинде, андан соң Аламүдүн районунда иштеген учурларына туш келет.

Алтымышынчы жылдар кыргыз жергесине эл чарбасын андан ары өркүндөтүүгө өбөлгө түзгөн жылдар болуп саналат. Анткени, экономиканы өркүндөтүү үчүн талаачылык менен мал чарбасынан алынган азык-түлүктү кайрадан иштетүүчү ишканаларды салуу, электр энергиясын камсыз кылуу, түшүмдүүлүктү жогорулатуу зарыл эле. Бул үчүн сугат системасын жолго коюу, небактан бери келе жаткан дың жерлерди өздөштүрүү керек болуучу. Ал үчүн биринчи кезекте суу сактагычтарды куруу, магистралдык каналдарды калыбына келтирүү жана жаңысын куруу күн тартибиндеги биринчи маселе болгон. Мына ушундай жооптуу ишти жүзөгө ашыруу Султан Ибраимовдун бактысына туура келет. Ал 1961-жылы суу чарба министри болуп дайындалат. Анын жана ал башкарган мекеменин алдында аткарыла турган зор иштер бар эле.

Биринчи кезекте элибиздин бүгүнкүсү гана эмес, эртеңкисине, түпкүлүгүнө пайда келтире турган келечектүү иш-чараларды жүзөгө ашыруу максат болуучу. Алардын бири-жер шарты жана климаты жагынан катаал болгон Ак-Талаа өрөөнүндөгү Ала-Буга, Тянь-Шань районундагы Куланак массивдерин өздөштүрүү, айдоо аянты беш жүз гектардан ашпаган Тогуз-Торо районунун

дын жерлерин өздөштүрүү, Жумгал, Кочкор, Тоң райондору жана Чүй өрөөнүндөгү бош жаткан жерлерди иштетүү кезек күтүп турган. Ырас, суткалык жана декадалык суу сактагычтарды куруу иштери ал мезгилдерге чейин эле бар болуучу. Алардын көбү күнү бүгүнкүгө дейре иштөөдө. Бирок, масштабы чоң маселелерди жүзөгө ашырууда ал кубатсыз, нары жарамсыз. Ошондуктан кубаттуу, кучагына миллиондогон кубометр сууну камтыган суу сактагычтарды куруу маселеси келип чыккан. Бул адистерден терең билимди, кажыбаган кайратты, мыкты уюштуруучулукту талап кылган. Мына ушундай иштерди аткарууда Султан Ибраимов чыныгы ишмердүүлүктү, чыныгы уюштуруучулукту көрсөтө алган. Андан кала берсе жеке Ысык-Көл өрөөнү гана эмес, бүткүл кыргыз жергесине зыян келтире турган көрүнүш - көлдүн жылдан жылга соолуп бара жатышын токтотуу зарыл, кечиктирилгис маселе болуучу. Ал үчүн атайын Ысык-Көл - Чүй аймактык өндүрүштүк комплекс да иштелип чыккан. Анын башында да Султан Ибраимов турган. Жөндөмдүү министрдин жасап жаткан иш аракеттери эл тарабынан да, республиканын жетекчилери тарабынан да туура кабыл алынып, нары туура бааланып, аны 1966-жылы Борбордук Комитетке секретарь кылып шайлашат. Мурун бүткүл ой-максатын, жөндөмүн бир гана багытка-суу чарбасына буруп келсе, эми Борбордук Комитетке секретарь болуп келгенден кийин, эл чарбасынын ар кандай тармактарын элдин жашоо турмушун жакшыртууга буруш керектигин түшүндү. Пленумдарда, чоң-чоң чогулуштарда бул багытта кыйла маселелерди көтөрүп чыкты.

Адам өмүрүндөгү кырк жашты табына келип, сермегенин койбогон кыраан бүркүткө салыштырышат. Анын сыңарындай Султан Ибраимов акыл-эси толук жетилип, эл жерди башкаруунун не бир татаал сырларына толук каныгып калган кырк бир жашында Ош обкомуна биринчи секретарь болуп келет. Мурун деле ар бир иштеген жерлеринде чыныгы жетекчинин жүзүн көрсөтө алса, бул жерге келгени анын талантынын дагы ачыла элек жактары ачылып, мамлекеттик деңгээлдеги көрүнүктүү ишмердигин көрсөтө алды. Түмөндүү түштүккө ага чейин не деген инсандар жетекчи болуп барды. Алардын эмгегин жокко чыгарууга болбойт деңизчи. Ошентсе да Ош областы дал Султан Ибраимов биринчи секретарь болуп баргандан кийин гана кыргыз жергеси эмес, бүтүндөй Совет өлкөсүнө дейре оозго алынгандыгы, Бүткүлсоюздук мелдештерде сегиз жолу жеңүүчү болуп чыгышы буга далил болмокчу.

Ош областына баргандан кийин Султан Ибраимовдун алдында кыйла милдеттер турган. Эң биринчиси - адамдар менен иштешүү. Табиятынан илбериңки, жупуну, жөнөкөй болуп өскөн Султан Ибраимов бул сапар да дал ошол калыбынан жазбай, областтын кызматкерлеринин ой-пикирин угуп, анын көз карашын, жөндөмүн толук түшүнгөндөн кийин гана тиешелүү кызматтарга дайындап жүрдү. Аны менен чогуу иштешкен адамдардын көпчүлүгү минтип айтышат: - “Султан Ибраимов адамдын көңүлүн калтырбаган, башка жетекчилердей болуп кагып-силкпеген адам эле. Ошондон улам аны менен сүйлөшүп жаткан учурда кысынбай, тартынбай ар бирибиз өз оюбузду толук айтууга жетишер элек. Ал гана турсун ар кимибиздин үй-бүлөбүзгө дейре сурап жиберүүчү.

Ырасында эле ошондой. Султан Ибраимов өтө жөнөкөй адам болгон. Мейли бюро учурундабы же чогулуштабы, чарбаларды кыдырып жүргөнүндөбү же кабинетиндеби жогорку кызматтын сүрүнө сала адамдарды коркутуп-үркүтүп көргөн адам эмес. Айрым адамдар сүрдөп, сүйлөй албай турса, күлүп-жайнап, кээде тамаша кылып, айтор аны дароо эле өзүнө тартып, анын оюндагысын билип алаар эле. Жогорку жакта айтылгандардан: "- Демек Султан Ибраимов жумшак, ак көңүл адам болгон экен" - деп бир жактуу жыйынтык чыгаруу туура эмес. Ал адамдарга жумшак мамиле кылуу менен бирге эле иштин шартына жараша талапты коё билген, берилген тапшырманын аткарылышын катуу контролдукка алган жетекчи болуптур. Кокус кимдир бирөө анын ишеничин аткара албай калса, кыйла убактарга чейин капаланып, анын себебин билмейинче жанын таштап койгон адам болучу. Ош областына келери менен жөндөмдүү жаштарды партиянын жогорку мектебине жиберип, билимин өркүндөтүп, аларды эң жоопту кызматтарга көтөргөн. Жеке өнөр жайы, айыл чарбасы, суу тармагы гана эмес, социалдык маселелердин тереңине да сүңгүп кирип, аралашып, андагы айрым маселелерди ондоого убакыт да, мүмкүнчүлүк да тапкан. Ошондон уламбы оштук тууғандар: "- Султан биздин бактыбызга бир жаралып калган адам эле. Ал баспаган кокту-колот, ал барбаган бир да айыл жок. Ошту Өш кылган Султан деп калышат". Ушунун өзү ага берилген чыныгы баага далил эмеспи. Буга кошумча катары дагы бир мисалды келтирели. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Султан Ибраимовго берген мүнөздөмөлөрүнүн биринде минтип жазылып турат:... "Партиянын XXIII, XXIV жана XXV съезддеринин, КПСС БКнын Пленумдарынын чечимдерин турмушка ашырып, Ош областтык партиялык уюму областтын экономикасын жана маданиятын кыйла көтөрүүгө жетишти. Тогузунчу беш жылдыкта өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү 1,2 эсе, айыл чарбасы 1,2 эсеге өстү. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана мал чарбасынын азык-түлүгү артты. Төл арбыды. Область мамлекетке эт, сүт, жүн, пахта, жашылча-жемиш, жүзүм сатуу боюнча эл чарба пландарын ийгиликтүү орундатты. Онунчу беш жылдыктын эки жылынын ичинде областтын селолук эмгекчилери мамлекетке айыл чарба продукциясынын бардык түрүн өндүрүү жана сатуу боюнча жакшы ийгиликтерди камсыз кылды... Тогузунчу беш жылдыктын жана онунчу беш жылдыктын өткөн жылдарынын аралыгында Ош областына КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын Өтмө Кызыл Туусу сегиз жолу ыйгарылган". Борбордук Комитеттин мына ушул берген мүнөздөмөсү эле жогорку жакта карапайым элдин берген баасына үндөшүп турат. Демек, Султан Ибраимов эл үчүн бекер иштебептир. Областты жетектеген он жылдын ичинде Союздун Туусуна сегиз жолу татыктуу болуунун өзү эле анын бараандуу эмгегин даңазалап тургансыйт. Андан кала берсе бүгүнкү күндө да дал ошол Султан Ибраимов жеткен чекке бардык маселе боюнча жете албай убара болуудабыз.

Областтын алдында турган зор милдеттердин бири-сугат суусу менен жерди камсыз кылуу эле. Бул багытта Папан, Төрт-Күл суу сактагычтары менен катар Лейлек районундагы Арка массивин, Баткендеги Кызыл-Жол, Раут-Каут, Ак

Турпак өрөөнүн, Кадамжай районундагы Бүргөндүнү өздөштүрүү, Кара-Дарыянын бойлой жаткан бош жерлерди айдоо, Чаткал, Ала-Буканын атам замандан бери кол тийбей келе жаткан дың жерлерин колго алуу сыяктуу толгон-токой иштер турган. Андан кала берсе Токтогул суу сактагычын ишке киргизүү ошол учурдагы чоң милдеттердин бири эле. Буларды жүзөгө ашырууда биринчи кезекте Султан Ибраимовдон өтө токтоолукту, кыраакылыкты, уюштуруучулукту талап кылган. Кантсе да дасыккан жетекчи бул маселелерди ыраатты менен чечүүгө жетишти. Илгерки биздин ата-бабаларыбыз жомоктотуп айтышуучу атан төө же нар көтөрө алгыс жүк Султан Ибраимов Ошто иштеген он жылдын ичинде толугу менен жүзөгө ашырылды. Башкача айтканда, алардын бардыгын тең өз көзү менен көрүп калды. Көзүнүн тирүүсүндө пландаштырып, бирок ага мүмкүнчүлүгү келбей калган Кемпир-Рабат суу сактагычы, Нарын гидрокаскаддары азыркы күндө толугу менен жүзөгө ашырылып жатат.

Жалаң суу сактагычтар менен иш бүтпөйт экен го көрсө. Ал бизге сугат суусун, электр энергиясын бергени менен ондогон, жүздөгөн гектар айдоо аянтын, жайытты басып калып, ишке жарамдуу кыйла жерден кур калдык. Анын ордун толтуруу маселеси да келип чыкты. Ашыкча жер жок. Ошондо партиянын облаunionттык комитетинде пахта аянтын кыскартуу, түшүмдүүлүктү кескин түрдө жогорулатуу, беденин үрөнүн даярдоо жана аны сатууну уюштуруу, малдын башын кыскартуу менен андан алынуучу азык-түлүктүн көлөмүн төмөндөтпөө сыяктуу иш-чараларды талкуулашты. Бул маселелер демейде айтыла жүргөн иш-чара катары эмес, токтоосуз жүзөгө ашырыла турган күн тартибиндеги орчундуу милдеттердин бири катары кабыл алынды. Ошондон улам анын жүзөгө ашырылышы тез да, сапаттуу да болду.

Областтын экономикасы артып, турмуш жакшырган сайын жол маселеси колго алынды. Ташты шагыл кылып майдалай турган жана гудрон, асфальт чыгаруучу завод, цехтер курула баштады. Тоолуу райондорго жол курулду. Жүздөгөн, миндеген көпүрөлөр салынды. Автотранспорт маселеси да жолго коюлду. Бул иш-чаралардын натыйжасында ийгиликтердин болгондугу шексиз.

Ош областтында иштеген он жылдын ичинде Султан Ибраимов тарых бетинде кала турган иштерди жасагандыгы талашсыз. Анын артыкчылыктарынын дагы бир жагы-ошол мезгилдеги СССРдин Госпланына да кайрылып, айрым маселелер боюнча толуктоо, өзгөртүү киргизгендиги. Айдоо аянтынын суу сактагычтардын алдында калып, жайыт кыскарып, анын үстүнө кыйла жылдардын ичинде калыбына келтирилбеген жер түшүмдүүлүгүн азайткандыгын СССР Госпланынын адистери эсепке албай план-тапшырманы жалпы жердин көлөмүнө жараша берип келгендиги маалым. Мына ушул маселени өз убагында СССР Министрлер Советине, Госпланга кат жүзүндө далилдүү келтирип, планды реалдуу коюу жагын бир нече жолу өтүнгөн.



**40-жылдар... Кан күйгөн согуш аяктап, эл чарбасын кайрадан калыбына келтирип жаткан учур. Султан Ибраимовдун балалык кези дал мына ушул учурга туш келген. Согуш, андагы кыйынчылык балдарды тез жетилтпедиби. Өспүрүм учурундагы Султандын мына ушул сүрөтүнөн эле убагынан эрте бой тарткандык, жетилгендик байкалат. Ким билет, кийинки учурдагы анын кыраакылыгы, акылмандыгы, иш билгилиги, уюштуруучулугу ошол жаш кезинде калыптангандыр балким.**
**Гидромелиоративдик техникумда окуп жүргөн учуру.**



**Султан Ибраимовдун үй-бүлөсү, оңдон солго карай, биринчи катарда: Ибраимов, уулу Эрмек, аялы Рева Касымбаевна Телтаева. Экинчи катарда: кыздары - Айнура, Гулмира, Элмира. Жарыктык киши, жупунулугубу же өзүнүн жакындарын эл көзүнө көрсөтүүдөн тартынгандыгыбы, айтор эстелик үчүн үй-бүлөсү менен сүрөткө өтө эле аз түшүптүр.**



**Ош жергесине барары менен С.Ибраимов мына ушундай үйлөрдү курдура баштаган.**



**Султан Ибраимов областтык жана райондук масштабдагы жетекчилер менен бирдикте экономиканы көтөрүүнүн айрым маселелерин талкуулоонун алдында.**



Москва... КПССтин кезектеги съезди. Танапис учуру. Ош областынан келишкен өкүлдөр съездде коюлган маселелер боюнча өз ара пикир алышууда.



Ишембилик... Жаш кезинен турмуштун ысык-суугун башынан өткөргөн Султан Ибраимов мындайда шымалана киришип, башкаларга үлгү көрсөтүүдө.



1968-78-жылдар - Ош жергесиндеги өзгөчө мезгилдердин бири. Мына ушул жылдары эл чарбасынын бардык түрлөрү боюнча болуп көрбөгөндөй өсүшкө ээ болушуп, сегиз жолу КПССтин, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин, ВЛКСМ БКнын Өтмө Кызыл Туусун жеңип алышкан. Алардын бири мына ушул сүрөттө чагылдырылган. Алдыңкы планда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Т.У.Усубалиев, Тууну колуна кармап турган Султан Ибраимов, анын жанында турган областтык аткаруу комитетинин председатели Т.К.Кошоев. Арткы катарда туруш-кандар: обкомдун кызматкерлери Рыспаев менен Макаренко.



**Областтын жетишкен ийгиликтеринде колхоз-совхоз, райондордун кошкон салымдары зор экендиги талашсыз. Өнөр жайы, айыл чарбасы, элинин саны, кала берсе ээлеген аймагы боюнча чоң райондордун бирине кирген Кара-Суу району да социалисттик мелдештерде көрүнүктүү ийгиликтерди жаратышып, бир нече жолу республиканын, областтын Өтмө Кызыл Туусуна арзыган. Бул сүрөттө мына ошондой салтанаттардын бири чагылдырылган. Султан Ибраимов Өтмө Кызыл Тууну райондун жетекчилерине тапшырып жатат.**



Майрамдык салтанаттан бир учур. Президиумда турушкандар: солдон оңго карай - Т.К.Кошоев, С.Ибраимов, Т.Аманалиев, К.Аташев жана П.Ходос.



Ош жергесинен чыккан атактуу атуул, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Т.Кулатовдун колунан сыйлык алуу кандай сыймык.



**Мезгил деген учкан куш сымал... Арадан жылдар жылып, область улам барган сайын бутуна туруп, Союздун, республиканын Туусун удаа-удаа жеңип ала баштады. Бул жалпы кайратман элдин кажыбас эмгеги экендигинде талаш жок. Бирок, аларды туура жолго багыттап, туура уюштурган С.Ибраимовдун эмгегин танууга болбойт. Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин председатели А.Сүйүмбаев кезектеги Тууну С.Ибраимовго тапшырууда.**



**1970-жыл. Корея, ЭКСПО-70 көргөзмөсү. Орто-Азия республикаларынан барышкан меймандар: С.Ибраимов, Худайбердиев - Хорезмден, Ахматов - Сырдарыядан, Камалов - Кара-Калпактан. Төртөө тең обкомдун биринчи секретарлары.**



**Жүздөрү жарык, көңүлдөрү көтөрүңкү Ош областынын кайратман эмгекчилери борбор шаарыбызга барып, жараткан ийгиликтери тууралуу айтып берүү үчүн аттануунун алдында.**



**Областтын райондору жана чарбаларына барып, алар менен кенен-кесир таанышуу С.Ибраимов үчүн адатка айланган. Бул жерде Кара-Суу районунда болгон учуру.**



**Жайыттарды өздөштүрүү жана малчыларга шарт түзүп берүү үчүн алыскы тоолорго чейин баруу учуру.**



**Мал киндиктүү Чаткал өрөөнүн өздөштүрүү ал кезде кечиктирилгис маселелердин бири болгон. Аны кабинетте отуруп алып чечүү мүмкүн эмес эле. Ошондуктан тиешелүү адистер жердин өзүндө болуп, климаттык жана жер шартына ылайык иш-чараларды кабыл алуу зарыл болуучу. Бул сүрөттөн С.Ибраимовдун Чаткал өрөөнүн атчан кыдырып жүргөн учуру чагылдырылган.**



**Ош жергесинин келечегин чечүүдө С.Ибраимов республиканын белгилүү окумуштуулары, экономисттери менен кеңешип турган.**



**Малчыларга барышкан учурда алардын жашоо-турмушуна керектүү маселелер менен катар жайыт, сугат маселеси да жердин өзүндө кошо чечилүүчү.**



Чаткалды өздөштүрүү иши дал мына ушул жерден башталат - деп көрсөтүп жатат Султан Ибраимов өзү менен кошо жүрүшкөн адистерге жана райондун жетекчилерине.



Областтын ошол кездеги эки жетекчиси С.Ибраимов менен Т.Кошоев кеңешме учурунда өз ара пикир алышууда.



**“Маданият - элибиздин күзгүсү” - деп бекер жеринен айтылбайт эмеспи. Бул жагдай унутта калган эмес. Республикалык акын-жазуучулардын областка мейман болушу адатка айланган.**



**Республикадагы улуу курулуштардын бири болгон Токтогул суу сактагычынын долбоорун түзүү мына ушинтип аймакты көрүүдөн, эл-жер менен таанышуудан башталган.**



**Область Союздун Кызыл Туусун катары менен жеңип ала башташы коңшу республикалардын жетекчилерин да кызыктырган. Алар дайыма келип, пикир алышып турушуучу.**




**"Келечек-жаштарга таандык" - дешет эмеспи. Анын сыңарындай аларга камкордук көрүү унутта калган эмес. Сүрөттө жаштардын областтык слёту чагылдырылган.**



**1975-жыл. Малчылардын областтык кеңешмеси. Анда мал чарбасын андан ары өнүктүрүү маселелери каралган. Алдыңкы малчылардын иш-тажрыйбасын жайылтуу жолго коюлган.**



**Ошол мезгилде Алай району чек арага жакын жайгашкандыктан коопсуздук маселеси да күн тартибиндеги маселелердин бири болуучу.**




**Акын-жазуучулардын Араван районунда болушу. Алдыңкы планда С.Ибраимов, Кыргызстан КП БКнын маданият бөлүмүнүн башчысы Нусупова.**



**1969-жыл. Токтогул району. Суу сактагычты ишке киргизүүдөн мурун ал жерде жашаган адамдар менен сүйлөшүп, түшүндүрүү иштери зарыл болгон.**



Ошол эле жыл. Алгач ар бир айылга барып, эл менен сүйлөшүлсө, эми райондук деңгээлде чогулуш өтүлүп, суу сактагычты куруу иши бир добуштан колдоого алынды.



Ош обкомунун биринчи секретары С.Ибраимов, Ош шааркомунун биринчи секретары Р.С.Кульматов тажрыйба алмашуу үчүн келген өзбек боордош менен.




Боордош Тажик республикасынын маданият күнүнүн Ош жергесинде өтүшүнөн бир үзүм. Алдыңкы катарда: С.Ибраимов, Т.Кошоев, С.Бегматова, И.Касендеев.




Экономиканын өсүшүнө автожолдун тийгизген таасири абдан чоң экендиги айтпаса деле түшүнүктүү. Бул жерде Папан-Кожо-Келең жолунун ачылыш салтанаты тартылган.



**Алыскы Лейлек районунда жолдун курулушу, мал чарбасынын ар кандай маселесин чечүү үчүн С.Ибраимовдун республикалык госпландын төрагасы С.Бегалиев менен болушу.**




**1970-жыл. Улуу Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата өткөрүлгөн салтанаттуу жыйындан бир үзүм. Анда негизги докладды С.Ибраимов жасаган.**



**Алыскы жайыттагы малчыларга азык-түлүк, мал үчүн жем-чөп жеткирүү маселесин тиешелүү уюмдун адистери менен бирдикте чечилген. Кезектеги рейс талкууланууда.**



**Айыл эмгекчилерине чыгармачыл адамдардын мейманга келиши өзүнчө эле бир майрам эмеспи. Бул сүрөттө опера жана балет театрынын артисттери эл арасында.**



**Бир тууган коңшу республикалардын маданий карым-катнашын чагылдырган сүрөт. Тажик боордоштордун маданий күндөрүнүн Ош жергесиндеги учуру.**





**Дини, дили бирге тажик тугандар өз өнөрлөрүн оштуктарга көрсөтүү менен өз ара тажрыйба алмашышканы да талашсыз.**




Ош жергесине барып кайтышкан кыргыз калемгерлери областтын эмгекчилери тууралуу не деген чыгармаларды жазышпады. Мына ошондой жолугушуулардан бир үзүм.



Москва... Чоң жыйындан кийинки сүрөт. Анда Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Т.Усубалиев, жетекчилер: Т.Кулатов, С.Бегматова, А.Дүйшеев, С.Ибраимовдор бар.




Кыргыз республикасы убагында Африка жана Жакынкы Чыгыштагы мамлекеттердин кадрларын окутуп, тарбиялай турган. Ушул максатта келген Мозамбик республикасынын президенти Машель-дин келишине байланышкан сүрөт.




Киров суу сактагычы. Анын долбоорлонушуна да, курулушуна да түздөн-түз салымды Султан Ибраимов кошкон. Азыр бул объект эки республиканын элин багууда.




**Султан Ибраимов кесиби боюнча суу чарба инженери болгондуктан, жерди мелиорациялоо, автоматтык, жаадырып сугаруучу техникалардын жардамы менен сугарууга көңүл бөлгөн.**




**Магистралдык каналдарсыз түшүм алынышы кыйын эмеспи. Султан Ибраимовдун суу чарба министрлигинде, Ош обкомунда, Министрлер Советинде иштеген учурунда бул багытта миңдеген километр каналдар курулган.**



1980-жылдарга чейин кант кызылчасынан жогорку түшүм алынган. Айрыкча анын канттуулугу коңшу республикаларга салыштырганда алда канча жогору болуучу.



"Суу - жашоо-тиричиликтин негизи" деген кеп бар. Анын сыңарындай 70-жылдары ар бир өрөөнгө сүрөттөгүдөй суу бөлгүчтөр курула баштаган.



**Туруктуу түшүмдүүлүктү камсыз кыла турган суу сактагычтарды куруу иши да 70-жылдарга таандык. Өзүңүздөр көрүп турган Ош жергесиндеги Найман суу сактагычы.**

60-н-ры курулуп бүткөн




**Улуу Октябрь революциясынын 60-жылдыгына арналган областтык салтанаттан бир көрүнүш.**



**Тоо-кен комбинаттарын иштетүү, айрыкча Кадамжай, Хайдаркан тараптан сымап, сурьма казып алуу иши да көңүлдүн борборунан чыккан эмес.**



**Республикалык партиялык жана чарбалык активдин жыйынынан бир көрүнүш. Алдыңкы планда Министрлер Советинин төрагасы С.Ибраимов, КП БКнын биринчи секретары Т.Усубалиев, БКнын секретары К.Кулматов.**




**Султан Ибраимовдун Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезектеги сессиясында сүйлөп жаткан учуру.**



**Эмгектик ар бир жетишилген ийгиликтин нары жагында канчалык кубаныч, эргүү бар экендиги трибунада турушкан адамдардын жүздөрүнөн эле даана байкалат.**



**Министрлер Советинин председатели С.Ибраимов менен Министрлер Советинин жооптуу кызматкери К.Аташев Москвадан келген меймандар менен.**



**Ар бир ишти биргелешип чечүү Султан Ибраимов үчүн адат болуп калган. Азыр да республикалык маанидеги маселени тиешелүү адамдар менен чечүүдө.**



**Нарын гидрокаскадын куруу иши республикадагы эң орчундуу милдеттердин бири болгон. Бул сапар да Султан Ибраимов куруучулардын арасында болду.**




**Акын-жазуучулар менен бирдикте болуп, алардын кем-карчын угуп, эмгекчилер менен жолугуштуруп туруу жагын да маркум С.Ибраимов унутпаптыр.**



**Боордош достор менен болгон жолугушуу ар кимдин эстеринен кетпейт. Аны бүгүнкү күндөгү жердештерибиз узун кеп кылып айтышат.**



**Султан Ибраимов ар бир тармакты майда-чүйдөсүнө карабай көңүлүнөн чыгарган эмес. Совминге келери менен мамлекеттик архивге келип, таанышып кайткан.**



**Соода түйүндөрү күндөн күнгө өсүп, шаардын көркүнө көрк кошкон.**



**С.Ибраимовдун тушунда жаңы микрорайондор пайда болуп, элдин жашоо-турмушу оңоло баштаган.**



**Ош шаарындагы кыргыз драма театры маданияттын очогу болуп калды. Бүгүн театр С.Ибраимовдун ысмын алып жүрөт.**



**Архитектуралык жактан бир бүтүндүктү түзгөн областтык акимиаттын имараты С.Ибраимовдун тушунда салынган.**



Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели С.Ибраимов кыргыз элинин атактуу жазуучусу Ч.Айтматовду кезектеги сыйлыгы менен куттуктоодо.




СССРдин атактуу эл сүрөтчүсү, белгилүү скульптор С.Т.Коненковдун борборубузга Уркуя Салиеванын эстелигинин ачылышына келиши.



СССР Илимдер академиясынын президенти, көрүнүктүү окумуштуу А.Ф.Александровдун кыргыз жергесине келиши.



Белгилүү окумуштуу менен республиканын жетекчилеринин, окумуштууларынын эстеликке түшкөн сүрөтү.



**Москвалык окумуштуу менен достук маанайда пикир алышуу. Анда илимдин бүгүнкү күндөгү абалы жана анын коомдун өнүгүшүнө тийгизип жаткан таасири айтылган.**



**СССРдин учкуч-космонавты В.С.Губаревдин Ош жергесинде болушу. Аны республиканын, областын жетекчилери коштоп жүрүп, жергебиздин не бир кооз жерлерин көрсөтүшкөн.**



**Султан Ибраимовдун Министрлер Советинин председатели болуп турган учурунда түшкөн сүрөтү. Майрамдык салтанатка арналган трибуна.**



**Эл чарбасынын жетишкендигинин көргөзмөсү. Султан Ибраимов анда коюлган экспонаттар менен таанышып чыгууда.**



**Москвада болуп өткөн олимпиаданын жыйынтыгы боюнча ага катышкан спортсмендер менен жолугушуу учуру.**



**1980-жыл. Улуу Октябрь революциясынын 63 жылдыгына арналган салтанаттуу жыйындан бир көрүнүш. Трибунада өкмөттүн жетекчилери.**



**Орду толгус оор жоготуу - С.Ибраимов канкордун колунан каза тапты. Өкмөттүк деңгээлдеги аза күтүү процесси. Залкар инсан менен коштошуу учуру.**




**Мамлекеттик көрүнүктүү ишмер, элибиздин чыгаан уулу С.Ибраимовду акыркы сапарга узатуу. Үй-бүлөсү менен кошо жалпы журтчулук чоң кайгыны, жоготууну бөлүшүүдө.**




Кыргыз элинин чыгаан уулу С.Ибраимовдун көзү өтсө да анын жетекчилиги менен курулган суу чарба комплекстери күнү бүгүнкүгө чейин иштөөдө. Бул жерде Найман суу сактагычы чагылдырылган.

Бургөндү магистрал каналы 1970-ж.-ды курула баштаган (Сох дарыясы)



**Исфара дайрасына курулган суу бөлгүч. Бул Кыргыз жана Тажик республикаларына кызмат кылууда.**

"Төрт-гүл суу сактагычы"



**Кылымдардан бери какырап жаткан Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү үчүн курулган магистралдык канал.**

"Водозаборное сооружение на реке Исфара



Бүгүн кыргыз жергесинин кайсы жерине барбаңыз дал мына ушундай салынган каналдарды көрүүгө болот.

1970-жылдар... айрыкча анын кийинки беш жылдыгы тигил жүрөккө так болуп калган 30-жылдардагы "культка" айланып, ой-пикири каршы адамдарды ошол замат "үчилтиктин" чечими менен жазага тартышпаса да бир кыйла зордукзомбулук болгондугу тарыхта маалым. Мындай шартка чыныгы атуулдар көнө алышкан эмес. Алар коомдун өнүгүшүн толук өзгөртө алышпаса да ага каршы чыгышып, өзүлөрүнүн ой-пикирлерин толук айта алышкан. Дал ушундай сапатка ээ болгон Султан Ибраимов кыргыз жергеси гана эмес, бүткүл Совет өлкөсүндөгү жүргүзүлүп жаткан саясий да, экономикалык да багыттын туура эмес экендигин дилинде туура баамдап, аны өзгөртүү үчүн керектүү жерде оозеки да, кагаз жүзүндө да далилдегендиги бар. Балким, эл үчүн, жер үчүн, алардын келечеги үчүн деп тыным албагандыгы айрым адамдарга жакпай калышы да мүмкүн. Ким билет, балким ошондойдур, бирок анын аныгына чыга турган колдо далил жок. Бүткүл Совет эли сыяктуу кыргыз жергесине да коррупция, мафия деген балакет тамыры тымызын жайылтып келе жаткандыгын сезе да, көрө да билген Султан Ибраимов мындай көрүнүшкө чыдай албай айрым чоң-чоң чогулуштарда айтып жибергендиги ырас. Анын Министрлер Советине председатель болуп келиши бул ойду ого бетер күчөтүп да жибергенсиди. Эл чарбасынын бардык тармагына сүңгүп кирип кеткен кошуп жазуучулук, көз боёмоочулук, паракорлук, кала берсе элдин мүлкүн каалаганындай талап-тоноо көрүнүшү жан дүйнөсүнө тынчтык бербей, кандайдыр бир чечкиндүү аракеттерди жасоого мажбурлаган окшобойбу. Ошондон улам "чу" дегенде эле Токмок менен Фрунзе шаарындагы эт комбинаттарын бир сыйра текшерүүдөн өткөрүүнү колго алыптыр. "Уурунун аягы кууш" деген кеп бар. Анын сыңарындай жеп-ичээрлер канчалык аракет кылып жашырышса да болгону он-он беш күндүн ичинде ондогон аттуу-баштуу адамдардын ысымдары чыга келет. Бул уюмдашкан уурулуктун сыртҡы гана көрүнүшү экендигин баамдаган Султан Ибраимов аны дагы тереңирээк изилдеп, тактап туруп маселе коюну көздөйт. Бирок, мафия дегениң тынч жатабы, алар да тымызын иш кылып, алгач председателдин үй-бүлөсүн коркутуп-үркүтүүгө өтөт. Министрлер Советинин иш башкармасынын референттери Гатыжская Пелагея Владимировна менен Октябрь Жекшеновдун, борбор шаарыбыздагы эсептеп чыгаруучу техникаларды ремонттоочу заводдун директору Гулмайрам Токтомамбетованын суракта берген материалдарында жеке үй-бүлөсү гана эмес, Султан Ибраимовдун иштеген жерине дейре кат жазышып, айрым учурда телефон аркылуу коркутуп да турушкандыктарын далилдешкен. Ошол кездеги КГБнын материалдары менен таанышканда төмөндөгүдөй фактыга туш болосуз. 1980-жылдын 3-декабрь күнү күндүзгү саат

бирден элүү минута өткөндө ошол жерде постто турган В.И.Безин өкмөт үйүндөгүлөрдү көзөмөлгө алуучу атайын дивизиондун дежурныйы Сүйүмбаевге Султан Ибраимовдун эс алуу үчүн Чолпон-Атага кетип жаткандыгын билдирет. Дежурный Сүйүмбаев Карымшак Имашевич ошол замат алынган маалыматты дивизиондун командиринин орун басары Рысалиев Зарлык Рысалиевичке билдиргенде, ал киши: -"Бизге официалдуу түрдө официалдуу адамдар билдиришсин. Посттогу милиционердин эмне кереги бар" - деп баш чайкап коёт. Качан Султан Ибраимов Чолпон-Атага жеткен маалда, кечки саат алтыда, үйүндө эс алып жаткан старшина Рыспеков Бактыгулду чакырып келишип, председателдин аркасынан кубалап жөтүүсүн талап кылат. Рыспеков үйүнө келип, кийинип, анан аялынын иштеген жерине барып, ага дайнын түшүндүрүп, кечки саат тогузда жолго чыгат. Кыштын күнкү жол тосуу канчалык тозок. Айтор, старшина да тилекке каршы Чолпон-Атага жете албай, Токмокто түнөп калат. Кийин Рысалиев Зарлык суракта минтип кошумчалайт: - "Старшина Рыспеков менден автотранспорт талап кылган жок. Эгер сураса бермекмин. Сурабагандан кийин убагында жетип бара албаган анын күнөөсү" - дейт эч камырабастан. Анын эч кимди көзгө илбегендиги, тоготпогондугу, жада калса өтө жоопту деген кызматына кош көңүл мамиле кылгандыгы бизди бир чети таң калтырса, экинчи чети күнөөнүн бардыгын старшинага жүктөп койгондугу. Дагы бир таң калыштуу, нары өкүнүчтүү жагдай, сурак жүргүзүп жатышкан адамдардын Рысалиев Зарлыктан: - Сиз өкмөт башчысынын эс алууга жөнөп жаткандыгын күндүзгү саат экиге чукул угуптурсуз. Эмне үчүн ошол замат чара көргөн жоксуз" - деп бир сапар да сурап коюшпагандыгы. "Карга карганын көзүн чокубайт" болуп, көрдүңүздөрбү, коррупцияга белчесинен батышкан эргулдар суракты да үстүртөн, кайпытып жүргүзүшүп коюшкандыгын.

Ошентип, кан ичкир кылмышкер 1980-жылдын 4-декабрь күнү түнкү саат экиден өткөндөн кийин, китеп окуп жатып уйкуга кеткен Султан Ибраимовду, анын шофёру Вольфту өлтүрөт. Мынчалык чоң кылмышка барган кан ичкир Смагин Александр Михайлович деген ким? Мына ошого токтололу.

Смагин 1957-жылы Чолпон-Ата шаарында туулган. Энеси башка адамга турмушка чыгып кеткен соң бала жаш кезинен тартып эле атасы менен бирге жашаган. Анын атасы Михаил Кириллович Смагин 1979-жылдын июль айына дейре "Чолпон-Ата" аэропортунда алгач дизель-аккумляторчу болуп иштесе, кийин эч жерде иштеген эмес. Бул адам 1960-жылы Л-1282 номурлуу "Белка-3" үлгүсүндөгү кошоктолгон мергенчилик мылтыгын сатып алган да ага 700дөн ашык ок чогулткан. Өзү дайыма самогон жасап, ичкилик ичүү, нашаа чегүү менен күн өткөргөндүктөн баласы Александрды көзөмөлгө ала алган эмес. Ошондон улам Александр Михайлович Смагин каалаган күндүз, каалабаса түнкүсүн мергенчиликке чыгып, ичкилик ичип, нашаа да чегүүгө өткөн.

1980-жылдын 3-декабрында кечки саат он жарымда Александр Чолпон-Ата шаарынын Совет көчөсүндөгү "Орбита" эс алуу жайында кароолчу болуп иштеген Конуратов Саалыны өлтүрөт. Ушул эле күнү, башкача айтканда 3-декабрдан 4-декабрга

караган түнү саат үч менен төрттүн ортосунда Кыргыз ССР Министрлер Советинин санаториясынын 10-корпусунун 2-кабатындагы 3-бөлмөдө эс алып жаткан Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы Султан Ибраимовду жана биринчи кабаттын 12-бөлмөсүндө турган анын кызмат автомашинасынын шофёру Вольф Юрий Артуровичти өлтүргөн.

Сотмедэкспертизанын жыйынтыгы боюнча Конуратов Саалынын, Султан Ибраимовдун, Вольф Юрийдин денесинен алынган октор жогору жакта көрсөтүлгөн Л-1282 номурлуу "Белка-3" үлгүсүндөгү кошоктолгон мергенчилик мылтыгына таандык.

Вольф жаткан бөлмөнүн терезесиндеги жыгачта калган из Смагиндин оң колунун чыпалагы менен атыжогунун, ошол эле корпустун экинчи кабатындагы мейман бөлмөсүндө жаткан "Чалкан" журналынын (1980-жылдын ноябрь айындагы саны) манжа издери анын сол колунун бармагынын издери болуп чыккан. Мындан сырткары Л-1282 номурлуу "Белка-3" мергенчилик мылтыгын криминалисттик текшерүүдөн өткөргөндө кундак алдындагы из Смагиндин оң колунун атыжогунун изи болуп чыккан. Мына ушул далилдер тергөө кызматкерлери тарабынан аныкталган соң, акыры колго түшөрүн билип, өзүн-өзү асып өлтүрөт.

Ошентип, адамдын маңдайына жазып берген жазуу-буйругу, тагдыры ушул экен деп маркум Султан Ибраимовичти калайык калк, жумурай-журт өксүй-өксүй акыркы сапарга узатып койдук. Эгер адамды кайгырып, капа болгондон, көз жашын төгө ыйлагандан тирилтип ала турган болсок, аны алда качан тирилтип алмакпыз. Бирок, турмушта андай болбойт экен. Конгон тууру бош калып, минген ак боз аты жайдакталды. Бала-чакасы жетим калды. Аларга кошулуп бүтүндөй кыргызым жетимсиреди. Өлгөндүн орду толбойт деген чын белем, андан бери канча жыл, канча мезгил өтсө да бир жак капшытыбыз эңшерилгендей бош, ээн. Ошол ээндикти, боштукту эстеген сайын каргыш тийген кылмышкерге наалат айтабыз. Тиги дүйнө бар экендиги чын болсо, анын андан наркы өмүрү жалаң кыл көпүрөнүн үстүндө, болгондо да тозоктун отуна капталып өтсө дейбиз.

Адамдын тула боюн титиреткен бул каргашалуу окуя жөнүндө ачык түрдө сөз болбоду. Тергөө да, сот да жабык жүргүзүлүп, басма сөз, радио, телевидение аркылуу берилбеди. Тиешелүү документтер күнү бүгүнкүгө дейре жети кабат темир капканын нары жагындагы сандыкта сары майдай сакталууда. Карт тарых үчүн, кыргыз элинин кечээкиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси үчүн башын канжыгага байлап коюп иш кылган биздин чыгаан, улуу инсан адамдарыбыздын таржымалы үчүн, кала берсе бүгүнкү күндө жашап жаткан биз жана келечек муундар үчүн кызмат кылбаган, кереги тийбеген материалдардын темир сандыкта сары майдай сакталып жатышынын канчалык кажети да, зарылчылыгы да бар.

Ошентип, адамдын маңдайына жазып берген жазуу-буйругу, тагдыры ушул экен деп, маркум Султан Ибраимовичти калайык калк, жумурай журт өксүй-өксүй ыйлап, акыркы сапарга узаттык, Пендечиликтин расмиси ушул: жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун. Үй-бүлөңүздү, бала-чакаңызды, тууган-туушкандарыңызды, жоро-жолдошторуңузду, аларга кошуп, бүткүл ак дил, ак ниет адамдарды Сиздин арбагыңыз колдосун!

*Султан Ибраимов*

Түзүүчү Т. **У р м а м б е т о в**
Сүрөтчү **М. С а г ы м б а е в**
Техредактор **Л.Я. Ш е в ч е н к о**

Терүүгө 15.10.97 берилди.
Басууга 5.12.97 кол коюлду.
Форматы 84х108 $^1/_{16}$. Көлөмү 4,0 б.т.
Тиражы 3000. Заказ № 1751

"Учкун" АК,, С.Ибраимов көчөсү, 24.